**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын
билим берүү жана илим
министрлигинин
Буйругу №__863/1_____
«___10___»___май____2022ж.

Каттоо номери 8
Код 200724

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН МАМЛЕКЕТТИК БИЛИМ БЕРҮҮ СТАНДАРТЫ

**АДИСТИК:** 080112 – «МАРКЕТИНГ» (тармактар боюнча)

**КВАЛИФИКАЦИЯ:** МАРКЕТОЛОГ

**Бишкек 2022**

## 1 – глава. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүсүнүн 080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиги боюнча мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары - Мамлекеттик билим берүү стандарты) “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштеп чыккан.

2. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөнкү түшүнүктөр пайдаланылат:

- **негизги кесиптик билим берүү программасы –** максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, тийиштүү адистик боюнча билим берүү процессин ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун регламенттөөчү окуу-методикалык документтердин жыйындысы;
- **сабактардын цикли** – окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окуу сабактарынын жыйындысы;
- **модул -** окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон окуу сабактарынын бөлүгү;
- **компетенция –** белгилүү бир чөйрөдө анын натыйжалуу өндүрүштүк ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон студенттин (окуучунун) билим берүү даярдыгы үчүн алдын ала белгиленген коомдук талап (норма).
- **кредит (зачеттук бирдик)** – негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугунун шарттуу ченеми;
- **окутуунун натыйжалары –** негизги билим берүү программасы модулу боюнча окутуунун натыйжасында ээ болгон компетенциялар.
- **профессиональный стандарт –** кесиптик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрүнүн чегинде, анын мазмунуна жана сапатына талаптарды аныктаган жана ар кандай уюмдун штатында, анын ишмердүүлүгүнүн түрүнө карабастан өзүнүн ордун татыктуу ээлөө үчүн кызматкер жооп бериши керек болгон квалификациясынын сапаттык деңгээлин сүрөттөгөн негизги документ;

Ушул Мамлекеттик билим берүү стандартын аткаруу уюштуруу - укуктук формасына карабастан, кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү мекемелери үчүн милдеттүү болуп саналат.

## 2 – глава. Колдонуу жааты

3. Ушул Мамлекеттик билим берүү стандарты 080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда милдеттүү болгон ченемдердин, эрежелердин жана талаптардын жыйындысын билдирет жана Кыргыз

Республикасынын аймагында тиешелүү адистикке лицензиясы жана аккредитациясы бар, уюштуруу-укуктук формасына карабастан кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу бардык билим берүү уюмдарынын уюштуруу-методикалык документтерди иштеп чыгуусу, кесиптик орто билим берүүсүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын баалоосу үчүн негиз болуп эсептелет.

4. 080112 "Маркетинг (тармактар боюнча)" адистиги боюнча Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизги колдонуучулары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ушул адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууга укуктуу билим берүүнүн уюмдарынын администрациясы жана педагогикалык курамы;
- ушул адистиктеги негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- кесиптик иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын тапшырмасы боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окуу-методикалык бирикмелер жана кеңештер;
- кесиптик орто билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- кесиптик орто билим берүү системасында мыйзамдардын сакталышын контролдоону камсыз кылуучу, кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндө аккредитациялоочу жана сапатын контролдоочу билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоочу аккредитациялык агенттиктер.

## 3 – глава. Адистиктин жалпы мүнөздөмөсү

5. 080112 "Маркетинг (тармактар боюнча)" адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүүсүнүн программасын өздөштүрүү формалары:

- күндүзгү;
- күндүзгү-сырттан (кечки);
- сырттан.

6. Жалпы орто билим берүүнүн базасында күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн адистиги боюнча негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 1 жыл 10 айдан кем эмести түзөт. Ушул кесиптик билим берүү программасын негизги жалпы билим берүүнүн базасында ишке ашыруу учурунда өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

7. Кесиптик орто билим берүү программасына интеграцияланган жалпы орто билим берүүнүн жалпы билим берүү программасын (10 жана 11-класстар) ишке ашырууда жалпы орто билими жөнүндө документ (аттестат) берилбейт, ал эми сабактар боюнча баалар кесиптик орто билим берүү жөнүндө документке (дипломго) коюлат.

8. Абитуриентте окууга тапшырууда төмөнкү документтердин бири болуусу тийиш:

- жалпы орто билими жөнүндө аттестат;
- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк.

9. Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү мөөнөтү кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан күндүзгү окуу формасында өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтүнө карата 6 айга узартылат.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрү өзүнчө ченемдик укуктук акт менен бекитилет.

10. Күндүзгү окуу формасы боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларынын эмгек сыйымдуулугу 120дан кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт. Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30дан кем эмес кредитке (зачеттук бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп уюштурулган учурда).

Бир кредит (зачёттук бирдик) студенттин окуу ишинин 30 саатына барабар (анын ичине аудиториялык, өз алдынча иши жана аттестациянын бардык түрлөрү кирет).

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча, ошондой эле окутуунун ар түрдүү формалары айкалыштырылган жана аралыктан билим берүү технологиялары пайдаланылган учурда негизги кесиптик билим берүү программасынын эмгек сыйымдуулугу окуу жылы үчүн 45тен кем эмес кредитти (зачеттук бирдикти) түзөт.

11. Инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында 080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары.

080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын окутуу жаатындагы максаттары:

- гуманитардык, социалдык, экономикалык, математикалык жана табият таануу илимдеринин негиздери тармагында окутуу, орто кесиптик билим алуу, анын социалдык мобилдүүлүгүнө жана эмгек рыногунда туруктуулугуна көмөк көрсөтүү;
- маркетинг чөйрөсүндө орто кесиптик билими бар, өз кесибинин ээси,

ишмердүүлүктүн чектеш чөйрөлөрүндө ийкемдүү, үзгүлтүксүз кесиптик өсүүгө жөндөмдүү жана коомдо ийгиликтүү социалдашкан адистерге коомдун керектөөсүн канааттандыруу:
- кесиптик орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарттарына жана кызыкдар тараптардын талаптарына ылайык инновациялык көндүмдөрдү өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү жана адиске улуттук экономиканын реалдуу жана финансылык секторлорундагы уюмдардын практикалык ишмердигинде суроо-талапка ээ болууга мүмкүндүк берүүчү, универсалдуу жана предметтик адистешкен компетенцияларды калыптандыруу жана өнүктүрүү;
- маркетинг чөйрөсүндө профессионалдык ишмердүүлүк үчүн атаандаштыкка жөндөмдүү адистерди даярдоо, ага продукцияны илгерилетүү жана натыйжалуу сатуу боюнча адис катары ийгиликтүү иштөөгө мүмкүндүк берүү жана экономиканы өнүктүрүүгө салым кошуу;

080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиги боюнча кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын инсанды тарбиялоо жаатындагы максаты:

- студенттерде социалдык-жеке сапаттарды калыптандыруу, максатка жетүүгө аракет кылуу, уюштуруучулук жана жоопкерчиликтүүлүк, атуулдук позиция жана эмгекти сүйүү, өз алдынчалык жана чыгармачылык жигердүүлүк, коммуникативдүүлүк, толеранттуулук, жалпы маданиятты жогорулатуу.

12. 080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиктин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишинин жаатында адистиктин багыттарына ылайык квалификациялык талаптарында каралган өндүрүштү уюштуруунун, тармактын өзгөчөлүгүн, технологияларын, ишкананын ички мүмкүнчүлүктөрүн, керектөөчүлөрдүн талаптарын эске алуу менен рыноктогу натыйжалуу ишмердикти жүргүзүү максатында, ишканалардын кызматтарынын өз ара аракеттерин камсыздоого багытталган ишин камтыйт.

13. 080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистигинин бүтүрүүчүлөрүнүн кесиптик ишмердигинин объектилери: маркетингдик ишмердик жаатындагы кесиптик билимдерди талап кылган ишканалар, түрдүү уюштуруучулук-укуктук түрлөрүндөгү коммерциялык уюмдар, коммерциялык эмес уюмдар жана бирикмелер.

14. 080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиги боюнча кесиптик ишинин түрлөрү:
- Маркетинг ишинде маалыматтык-аналитикалык иштерди уюштуруу;
- Маркетинг комплексинин инструменттерин колдонуу менен маркетинг программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;
- Уюмдун маркетинг иш-чараларына катышуу.

15. 080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиги боюнча бүтүрүүчүнүн кесиптик ишинин милдеттери:

- рынок шарттарын, керектөөчүлөрдүн жүрүм-турумун изилдөө, рынокту сегменттештирүү жүргүзүү;
- маркетингди, рыноктун муктаждыктарын түшүнүүгө жана керектөөчүлөрдүн көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган стратегиялык ишмердик катары кабыл алуу, маркетингдик түшүнүктөрдү жана башкаруучулук ой жүгүртүүлөрдүн эволюцияларынын негизги этаптарын билүү;
- рынокто ийгиликке жетүү үчүн маркетингдин каражаттарын колдонуу, рынокту иштетүү мыйзамдарын жана аны жөнгө салуу каражаттарын билүү, суроо-талаптын өнүгүү багыттарын жана анын рыноктогу жүрүм-турум тактикасын аныктоо, ишкананын ишмердүүлүгүн экономикалык жөнгө салуу усулдарын колдонуу, жаны муктаждыктарды таап чыгуу жана калыптандыруу усулдарын колдонуу, алардын түрдүү топтогу керектөөчүлөрдүн муктаждыктарынын түзүмүндөгү ролун баалоо;
- товардык саясатты максаттуу багытта жүргүзүү;
- рынокту иштетүүчү мыйзамдарды жана анын жөнгө салуу каражаттарын билүү, ишкананын товар, баа, сатуу жана байланыш саясатын иштеп чыгууну аныктоо, товардын жүгүрүү жана сатуу системасын уюштуруу, бөлүштүрүү каналдарын жана сатуу стратегияларын колдонуу;
- инвестицияларды жана тобокелдиктерди башкарууну камсыз кылуу;
- уюмдардын маркетингдик стратегиясын пландаштыруу, иштеп чыгуу жана аны ишке ашырууга багытталган иш чараларды жүргүзүү;
- рыноктук кырдаалды талдоо, илгерилеткен товарлардын жана кызматтардын атаандаштыгын камсыз кылуу;
- маркетингдик маселелерди чечүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу;
- ички жана эл аралык рыноктор үчүн баа аныктоо стратегиясын, максаттарын, усулдарын туура тандоо, ишкананын (уюмдардын) сатуу ишмердигининин стратегиясын иштеп чыгуу, товарлардын жана кызматтардын илгерилетүү боюнча байланыш тутумун түзүү;
- ишкананын абройун (имидж) калыптандыруу, маркетингдик кызматтардын ишин уюштуруу жана аны башка кызматтын ишмердигине багыттоо, башкаруу, маркетингдик маселелерди чечүүдө маалыматтык технологияларды колдонуу.

16. Кесиптик орто билим берүүнүн 080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиги боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүргөн бүтүрүүчү төмөнкүлөргө даярдалды:

- жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- жогорку кесиптик билим берүүгө даярдоонун тийиштүү адистиги жана ага жакын багыттар боюнча тездетилген мөөнөттө

жогорку кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;

## 4 - глава. Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруунун шарттарына карата жалпы талаптар

17. Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. Негизги кесиптик билим берүү программасы эмгек рыногунун керектөөлөрүн эске алуу менен, адистик боюнча тийиштүү Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат.

Кесиптик орто билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары негизги кесиптик билим берүү программасын илимдин, маданияттын, экономиканын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эске алуу менен, билим берүү сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөнкүлөрдөн турган сунуштарга ылайык жыл сайын жаңылап турууга милдеттүү:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегияларды иштеп чыгуудан;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоого мониторинг жүргүзүүдөн;
- так макулдашылган критерийлердин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн компетенцияларынын деңгээлин баалоонун обьективдүү жол-жоболорун иштеп чыгуудан;
- окутуучулук курамдын сапатын жана компетенттүүлүгүн камсыз кылуудан;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү ресурстар менен камсыз кылуудан, аларды колдонуунун натыйжалуулугун контролдоодон, анын ичинде окуп жаткандарга сурамжылоо жүргүзүү жолу менен;
- өзүнүн ишин (стратегиясын) баалоо жана башка билим берүү уюмдары менен салыштыруу үчүн макулдашылган критерийлер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдөн;
- коомчулукка өзүнүн ишинин натыйжалары, пландары, инновациялары жөнүндө маалымдоодон.

18. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо аларды учурдагы, орто аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоону камтыйт, алар эки негизги багытта ишке ашырылат:

- сабактарды өздөштүрүү деңгээлин баалоо;
- кесиптик модулдарды өздөштүрүү боюнча билим алуучулардын компетентүүлүгүн баалоо, б.а. кесиптик ишинин негизги түрлөрүн ишке ашырууга даярдыгын.

Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы төмөнкү мамлекеттик аттестациялык сыноолордон турат:

- жалпы гуманитардык сабактардан сабактар аралык жыйынтыктоочу экзамен;
- өзүнчө сабактар боюнча жыйынтыктоочу экзамен;
- адистик боюнча сабактар аралык жыйынтыктоочу экзамен;

Жыйынтыктоочу аттестацияга окуу планында каралган, окутуунун толук курсун аяктаган жана академиялык карызы жок бүтүрүүчүлөр киргизилет.

Студенттерди учурдагы аттестациялоо кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан белгиленген (педагогикалык кеңеш бекиткен) баалоонун модулдук-рейтингдик системасынын негизинде окуу семестринин ичинде жүргүзүлөт.

Студенттерди орто аралык аттестациялоо ар бир семестрдин аягында жүргүзүлөт жана бардык сабактар боюнча семестрдеги учурдагы аттестациялоонун жыйынтыктары боюнча жыйынтык баалар (экзамендик баалар) коюлат.

Негизги кесиптик билим берүү программасына ылайык келген этаптуу же түпкү талаптарга студенттердин жана бүтүрүүчүлөрдүн жеке жетишкендиктеринин шайкеш келишине карата студенттердин учурдагы, орто аралык аттестациялоо үчүн билимин, билгичтигин жана ээ болгон компетенцияларынын деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү типтүү тапшырмаларды, контролдук иштерди, модулдук тесттерди камтыган баалоо каражаттарынын базалары түзүлөт. Баалоо каражаттарынын базалары кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №470 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө жобого ылайык жүргүзүлөт.

19. Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун бүтүрүүчүлөрдүн жалпы компетенцияларын калыптандыруудагы мүмкүнчүлүктөрү (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү, өзүн өзү уюштуруу жана өз алдынча башкаруу, системалуу-активдүү мүнөзү) аныкталышы керек.

Негизги кесиптик билим берүү программасын иштеп чыгууда кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

- өзүнүн социалдык-маданий чөйрөсүн түзүүгө;
- инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө;
- студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык

клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышуусун кошкондо, окуу процессинин социалдык-тарбиялык компонентин өнүктүрүүгө түрткү берүүгө.

20. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун негизги кесиптик билим берүү программасы студенттин тандоосу боюнча сабактардын ар бир циклинин вариативдүү бөлүгүнүн үчтөн биринен кем эмес көлөмдө сабактарды түзүүнүн тартибин кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун педагогикалык кеңеши белгилейт.

21. Кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму төмөнкүлөргө милдетүү:

- студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга;
- негизги кесиптик билим берүү программасын түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттери менен тааныштырууга;
- студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп, калаарын, ал эми алардын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуу планында каралгандан кем болушу керектигин түшүндүрүүгө.

22. Студенттер тандоосу боюнча окуу сабактарын өздөштүрүүгө бөлүнгөн окуу убактысынын көлөмүнүн чегинде негизги кесиптик билим берүү программасында каралган конкреттүү сабактарды тандап алууга укуктуу.

23. Студенттер кесиптик орто билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюму негизги кесиптик билим берүү программасында каралган бардык тапшырмаларды белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү.

24. Студенттер негизги кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүдө натыйжаларга жетишүү максатында студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

25. Студенттин окуу жүктөмүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудитордук тышкары (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен жумасына 45 саат болуп белгиленет.

Күндүзгү окуу үчүн жумасына аудиториялык сабактардын көлөмү ар бир академиялык дисциплина боюнча окууга бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 35% кем эмесин түзөт.

Жумалык аудиториялык сабактардын көлөмү окуу процессин уюштуруунун өзгөчөлүгүн, окуу-лабораториялык базанын жабдылышын, маалыматтык, илимий-методикалык камсыздоону эске алуу менен орто кесиптик билим берүү мекемеси тарабынан аныкталат жана 30 аудиториялык сааттын чегинде белгиленет.

Окуу дисциплинасы боюнча өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарга ошол окуу дисциплинасы (модуль) боюнча экзаменге даярдануу үчүн

каралган убакыт кирет.

26. Күндүзгү-сырттан (кечки) окуу формасында аудиториялык сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан кем болбошу керек.

27. Сырттан окуу формасында окутуучу менен сабак окуу мүмкүндүгү студентке жылына 150 сааттан кем эмес көлөмдө камсыз кылынуусу керек.

28. Окуу жылындагы эс алуу убагынын жалпы көлөмү 10 жуманы, анын ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмести түзүүсү керек.

## 5 - глава. Негизги кесиптик билим берүү программасына карата талаптар

29. 080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)” адистиги боюнча бүтүрүүчү негизги кесиптик билим берүү программмасынын максаттарына жана ушул Мамлекеттик билим берүү стандартынын 12 жана 15 пунктарында көрсөтүлгөн кесиптик иштин милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:

а) жалпы:

ЖК 1 өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү;

ЖК2 стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда чечим кабыл алуу, маселелерди чечүү, жоопкерчиликти жана демилге көтөрүү;

ЖК3 кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, инсандык жана кесиптик өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдалануу;

ЖК4 кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу;

ЖК5 командада иштөөнү, кесиптештер, жетекчилер жана кардарлар менен натыйжалуу баарлашууну билүү;

ЖК6 команданын мүчөлөрүнүн (кол алдындагы) иши жана аларды иш ордунда окутуу, тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыгы үчүн жоопкерчилик алуу;

ЖК7 жеке инсандык жана кесиптик өнүгүүсүн башкаруу, кесиптик иште эмгек шарттарынын жана технологиялардын өзгөрүүсүнө адаптациялануу;

ЖК8 чакан жаамат менен уюштуруу-башкаруу иштерине даяр болуу;

ЖК9 жарандык демократиялык коомдун баалуулуктарынын негизинде диалогго даярдык көрүү, коомдо кабыл алынган адеп-ахлактык жана укуктук ченемдердин негизинде социалдык өз ара карым-катнашта болуу, башка маданиятка толеранттуулук, адамдарга сый көрсөтүү, өнөктөштүк мамилелерди колдой билүү;

ЖК10 экономикалык билимдердин негиздерин ишмердүүлүктүн түрдүү тармактарында колдоно билүү;

б) кесиптик иштин негизги түрлөрүнө ылайык келген кесиптик компетенциялар:

**1. Маркетинг ишиндеги маалыматтык-аналитикалык иштерди уюштуруу**

**ПК 1.1** маркетинг комплекси аркылуу маркетинг изилдөөлөрүн жүргүзө алат;

**ПК 1.2** керектөөчүлөрдүн жүрүм-турумун изилдөөгө жана сегментациялоону жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**ПК 1.3** товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн рыноктук шарттарын талдоо;

**ПК 1.4** башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу үчүн эл аралык товар рынокторун уюштурууга жана маалымат алуу үчүн комплекстүү изилдөөлөрдү жүргүзүүгө катыша алат;

**2. Маркетинг комплексинин инструменттерин колдонуу менен маркетинг программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу**

**ПК 2.5** ишканаларда максаттуу продукт жана баа саясатын жүргүзүүгө жөндөмдүү;

**ПК 2.6** материалдык агымдардын рационалдуу кесилишин камсыз кылуучу логистикалык системаларды, жана ошондой эле сатып алуулардын жана коммерциялык логистиканын ыкмаларын колдонуу;

**ПК 2.7** уюмдагы маркетингдик коммуникациялар системасын иштеп чыгууга, киргизүүгө жана өркүндөтүүгө катышуу;

**ПК 2.8** уюмдагы бөлүштүрүү системасын иштеп чыгууга, ишке киргизүүгө жана өркүндөтүүгө катышуу;

**3. Уюмдун маркетинг ишин башкарууга катышуу**

**ПК 3.9** уюмдун өнүгүү стратегиясынын, учурдагы бизнес-процесстердин жана уюмдун долбоордук ишинин алкагында маркетинг кызматынын ишин уюштурууга катышуу;

**ПК 3.10** заманбап маалыматтык технологияларды кесиптик ишмердүүлүктү аткарууда колдоно алат;

**ПК 3.11** командада бизнес жана башкаруучулук байланыштын заманбап формаларын киргизүү;

**ПК 3.12** уюмда сатуу системасынын маркетингдик колдоо пландарын ишке ашырууга жана уюмдун маркетинг кызматынын өнүгүшүн камсыз кылууга катышуу;

30. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы төмөнкү окуу циклдерин үйрөнүүнү карайт:

Блок 1 “Дисциплиналар (модулдар)"

1) жалпы гуманитардык цикл;
2) математикалык жана табигый илимдер циклы;
3) кесиптик цикл;
4) дене тарбия;

Блок 2 “Практика”;

Блок 3  “Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация”;

Кесиптик орто билим берүү мекемеси мамлекеттик билим берүү стандартынын, улуттук квалификациянын алкагында, тармактык/секторлук квалификациянын алкагында жана кесиптик стандарттардын (эгерде бар болсо) талаптарына ылайык негизги билим берүү программасын иштеп чыгат.

Орто кесиптик билим берүү мекемеси негизги билим берүү программасынын ар бир блогуна тиешелүү дисциплиналардын (модулдардын) жана алардын эмгек сыйымдуулугунун комплексин, улуттук квалификациянын алкагында каралган жалпы жана кесиптик компетенциялар түрүндөгү, аны өнүктүрүүнүн натыйжаларына карата талаптарды эске алуу менен,  блок үчүн белгиленген көлөмдө өз алдынча аныктайт.

Негизги кесиптик билим берүү программасы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы тарабынан тизмеси жана эмгек сыйымдуулугу аныкталган  жалпы гуманитардык циклдин милдеттүү дисциплиналарынын аткарылышын камсыз кылууга тийиш.

Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасы Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык түзүлөт

31. Сабактардын ар  бир  цикли базалык (милдеттүү) жана тандалма (элективный) бөлүккө ээ болушу керек.  Тандалма (элективный)  бөлүк базалык бөлүктүн сабактарынын мазмуну жана аныкталуучу студенттердин билимдерин, билгичтиктерин жана көндүмдөрүн көбөйтүүгө жана тереңдетүүгө мүмкүндүк берет.  Тандалма (элективный) бөлүк кесиптик орто окуу жайы тарабынан ишке ашырылуучу кесиптик билим берүү программасынын өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленет.

Милдеттүү бөлүктүн көлөмү мамлекеттик аттестациянын көлөмүн кошпогондо, негизги билим берүү программасынын жалпы көлөмүнүн 50% пайыздан ашпоого тийиш.

Орто кесиптик билим берүү мекемеси ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга (алардын каалоосу боюнча) алардын психофизикалык өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, индивидуалдык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен негизги билим берүү программасы боюнча окуу мүмкүнчүлүгүн берүүгө жана зарыл болгон учурда өнүгүүсүнүн бузулууларын коррекциялоону жана бул адамдардын социалдык адаптацияланышын камсыз кылуу керек.

32. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу окутулуучу сабактын профилине ылайык келген базалык билими бар, өз квалификациясынын деңгээлин ар бир беш жылда жогорулаткан жана системалык түрдө илимий илимий-методикалык иш менен алектенген педагогикалык кадрлар менен камсыздалат.

Кесиптик циклдин окутуучулары даярдоонун тийиштүү адистиги же багыты боюнча жогорку кесиптик билимге ээ болуулары керек. Кесиптик билим берүү программасынын жалпы окутуучуларынын санына карата штаттагы окутуучулардын үлүшү 80 пайызынан кем эмес болушу керек. Окутуучу/студент ченемдик катышы - 1:12 жогору эмес.

33. Адистиктин негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашырууда негизги кесиптик билим берүү программасынын сабактарынын толук тизмеси боюнча түзүлүүчү маалыматтар базасын жана китепкана фондун ар бир студенттин колдонуусу камсыз кылынат. Кесиптик орто билим берүүнүн программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун билим берүү программасы лабораториялык практикумдарды жана практикалык сабактарды камтыйт.

Негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон окуу адабияттары жана /же электрондук адабияттар менен студенттердин камсыз болуусу 1 студентке - 0,5 экземплярдагы ченемге ылайык болушу керек.

Лабораториялык жана курстук иштерге методикалык колдонмолор - 1:1.

Окуу куралдары катары электрондук китептери, лекция конспекттеринин басма экземплярлары колдонулат.

Окуу маалыматынын булактары заманбап талаптарга жооп берүүсү керек.

Билим берүү процессинде мыйзам чыгаруу актылары, ченемдик документтер, кесиптик багыт берүүчү мезгилдүү басылмалардын материалдары пайдаланылат.

34. Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасын ишке ашыруучу билим берүү уюмунун окуу планында каралган лабораториялык, дисциплиналык жана дисциплиналар аралык даярдоонун, студенттерди практикалык даярдоонун бардык түрүн жүргүзүүнү камсыз кылган, колдонуудагы санитардык жана өрткө каршы эрежелер менен ченемдерге ылайык келген материалдык-техникалык базасы болот.

Пайдалуу аянттын ченемдик мааниси 1 студентке (кв.м) окуунун 2-сменин эсепке алганда 7 $м^2$ түзөт.

080112 “Маркетинг” (тармактар боюнча) адистиги боюнча билим берүү программасын  ишке ашыруу үчүн окуу кабинеттерин, лабораторияларын окуу жабдуулар менен материалдык-техникалык жактан жабдуу:

| № п/п | Бөлүмдөрдүн аталышы | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Окуу имараттары | 3 |
| | Окуу кабинеттери, анын ичинде: | 60 |
| | Компьютердик класстар | 7 |
| | Лабораториялар:<br>- информатика<br>- окутуунун техникалык каражаттары | <br>1<br>1 |
| 2 | Спорт комплекси: | |
| | Спорттук зал | 2 |
| | Кеңири профилдеги ачык стадион | 2 |
| | Тренажердук зал | 1 |
| 3 | Салтанат залы | 1 |
| 4 | Китепкана (а.и. электрондук) | 1 |
| 5 | Интернет тармагына чыгууга боло турган окуу залы | 2 |
| 6 | Конференц зал | 2 |
| 7 | Усулдук кабинет | 1 |
| 8 | Полигондор:<br>үйрөтүүчү тир | 1 |
| 9 | Студиялар:<br>өздүк көркөм чыгармачылык ийримдери | <br>1 |
| 10 | Ашкана | 1 |
| 11 | Медициналык пункт | 1 |
| 12 | Буфет | 1 |

**080112“Маркетинг” (тармактар боюнча) адистиги боюнча билим берүү программасын  ишке ашыруу үчүн колдонулган окуу кабинеттердин тизмеси :**

| № п/п | Кабинеттин аталышы | Жабдуулардын сүрөттөлүшү |
|---|---|---|
| А | **жалпы гуманитардык циклинин дисциплиналарынын кабинеттери** | |
| 1 | Кыргыз тили жана адабияты | 32 студенттик орундуу эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, окуу жана көрсөтмө куралдар, стенддердин комплектилери, окуу жана маалымдама адабияттары, дидактикалык материал,15 папкадагы таркатма маалымдама |

| | | |
|---|---|---|
| | | материалдар (ар бир партага 1ден папка) заманбап маданий сүйлөө нормалары – лексикалык, грамматикалык, стилистика жана риторика нормалары; |
| 2 | Орус тили жана адабияты | 32 студенттик орундуу эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, окуу жана көрсөтмө куралдар, стенддердин комплектилери, окуу жана маалымдама адабияттары, дидактикалык материал,15 папкадагы таркатма маалымдама материалдар (ар бир партага 1ден папка) заманбап маданий сүйлөө нормалары – лексикалык, грамматикалык, стилистика жана риторика нормалары; |
| 3 | Чет тили | 15 студенттик орундуу эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, окуу жана көрсөтмө куралдар, стенддердин комплектилери, окуу жана маалымдама адабияттары, сөздүктөр, окуу-методикалык камсыздоонун комплекти, окуу-методикалык жактан жардам көрсөтүүчү материалдар топтому, жеке иш үчүн 7 папкада (бир партага 1 папкадан) - дидактикалык материал, тесттик тапшырмалар, тесттер; |
| 4 | Кыргызстандын тарыхы | 32 студенттик орундуу эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, окуу жана көрсөтмө куралдар, стенддердин комплектиси, окуу-методикалык камсыздоо комплекси, иш дептерлери, дубал тарыхый карталары, демонстрациялык сүрөттөр жана таблицалар, таратма көрсөтмө куралдар , дидактикалык таркатма материалдар; |
| 5 | Манас таануу | 32 студенттик орундуу эмерек комплектиси, мугалимдин иш орду, проектор, экран, окуу жана көрсөтмө куралдар, стенддердин комплектилери, демонстрациялык сүрөттөр жана таблицалар, окуу-методикалык камсыздоонун комплекти, таратма көрсөтмө куралдар, дидактикалык таркатма материалдар; |
| 6 | Кыргыз Республикасынын экономикалык географиясы жана | 32 студенттик орундуу эмерек комплектиси, мугалимдин жумуш орду, проектор, экран, окуу жана көрсөтмө куралдар, стенддердин комплекттери, иш дептерлери, дубалдын |

| | | |
|---|---|---|
| | экологиясынын негиздери | географиялык карталары, демонстрациялык сүрөттөр жана таблицалар, таратма көрсөтмө куралдар, дидактикалык таратма материалдар; |
| | **математикалык жана табият таануу циклинин кабинеттери** | |
| 7 | Кесиптик математика | 32 студенттик орундук эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, магниттик маркер тактасы, формулалар жазылган стенддердин комплекттери, геометриялык фигуралардын моделдери, циркуль, квадраттар, окуу-методикалык камсыздоонун комплекти, маалымдама адабияттар, таблицалар, таркатма материалдар, көрсөтмө куралдар, дидактикалык таратма материалдар; |
| 8 | Интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү менен информатика жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялар | 15 студенттик орундук эмерек комплектиси, мугалимдин жумуш орду, лицензиялык программалык камсыздоосу жана Offise менен компьютерлери, проектор, экран, информатика стенддеринин комплекттери, графикалык окуу иштерин аткаруу үчүн графикалык редакторлор, принтер, маалымдама материалдары, окуу практикасы үчүн - 15 папкадагы ОПМ; |
| | **профессионалдык циклдин кабинеттери** | |
| 9 | Экономикалык теория | 32 студенттик орундук эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, стенддердин комплектилери, маалымдама адабияттар, таратма көрсөтмө куралдар, дидактикалык таратма материалдар, студентке жардам берүү үчүн жана жеке иш үчүн 15 папка (бир партага папка) |
| 10 | Уюмдардын экономикасы | 32 студенттик орундук эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, стенддердин комплектилери, маалымдама адабияттар, окуу-методикалык камсыздоонун комплекти, дидактикалык таратма материалдар, студентке жардам берүү үчүн жана жеке иш үчүн 15 папкадан (ар бир партага 1 папкадан) таркатма материалдар топтому, окуу практикасы үчүн - 15 папкадагы ОПМ; |
| 11 | Статистика | 32 студенттик орундук эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, |

| | | |
|---|---|---|
| | | окуу-методикалык камсыздоо комплекси, формулалар менен стенддердин комплектилери, маалымдама адабияттар, таблицалар, таратма көрсөтмө куралдар, дидактикалык таратма материалдар, студентке жардам берүү жана жеке иш үчүн 15 папка (бир партага 1 папка); |
| | Финансы, акчанын жүгүртүүсү жана насыя | 32 студенттик орундук эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, стенддердин комплектилери, маалымдама адабияттар, таратма көрсөтмө куралдар, дидактикалык таратма материалдар, студентке жардам берүү үчүн жана жеке иш үчүн 15 папкага (бир партага 1 папка) |
| | Бухгалтердик эсептин негиздери | 32 студенттик орундук эмерек комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, формулалар жазылган стенддердин комплектилери, ченемдик-укуктук актылардын жыйнагы, эсеп схемалары, окуу-методикалык камсыздоонун комплекти, маалымдама адабияттар, таблицалар, таратма материалдар, көрсөтмө куралдар, дидактикалык таратма материалдар; студентке жардам берүү үчүн таркатма материалдар топтому жана жеке иш үчүн 15 папка (ар бир партага 1 папка), окуу практикасы үчүн - 15 папкадагы ОПМ; |
| | Кесиптик ишмердиктеги технологиялык маалыматтар | 15 студенттик орундук эмерек комплектиси, мугалимдин жумуш орду, лицензиялык программалык камсыздоосу жана Offise менен компьютерлери, проектор, экран, информатика стенддеринин комплекттери, графикалык окуу иштерин аткаруу үчүн графикалык редакторлор, принтер, маалымдама материалдары, окуу практикасы үчүн - 15 папкадагы ОПМ; |
| | **кесиптик модулдук циклинин кабинеттери** | |
| | маркетинг | 32 студенттик орундук эмеректердин комплектиси, мугалимдин иш орду, проектор, экран, маркетинг, товар саясаты жана коммуникация саясаты боюнча маалыматтык-көрсөтмө стенддердин комплектиси, студенттердин практикалык жана өз алдынча иштеринин үлгүлөрү, окуу жана методикалык камсыздоо, практикалык |

| | | |
|---|---|---|
| | | сабактын тапшырмаларынын комплектилери, соода чөйрөсүн жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылардын жыйнагы, маалымдама адабияттар, кейстердин жыйнагы, дидактикалык таркатма материалдар, студентке класста жардам берүү үчүн жана жекече иштөө үчүн 15 папкадан (бир партага 1 папка), окуу практикасы үчүн – 15 папкадан ОПМ топтому; |
| | логистика | 32 студенттик орундук эмеректердин комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, логистика боюнча маалымат-көрсөтмө стенддердин комплектиси, логистикадан окуу-методикалык жактан камсыз кылуу комплекси, практикалык сабактардын тапшырмаларынын комплектиси, ченемдик-укуктук актылардын жыйнагы, маалымдама адабияттар, дидактикалык таркатма материалдар; студентке класста жардам берүү үчүн жана жекече иштөө үчүн 15 папкадан таркатма материалы (бир партага 1 папкадан), презентациялар топтому, окуу практикасы үчүн - 15 папкадагы ОПМ; |
| | менеджмент | 32 студенттик орундук эмеректердин комплекти, мугалимдин иш орду, проектор, экран, менеджмент боюнча маалымат-көрсөтмө стенддердин комплектиси, менеджменттен окуу-методикалык жактан камсыз кылуу комплекси, ченемдик-укуктук актылардын жыйнагы, маалымдама адабияттар, дидактикалык таркатма материалдар; студентке класста жардам берүү үчүн жана жекече иштөө үчүн 15 папкадан таркатма материалы (бир партага 1 папкадан), презентациялар топтому, магниттик маркердик доска, окуу практикасы үчүн - 15 папкадагы ОПМ; |

35. Бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №470 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүчү уюмунун бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобону эске алуу менен кесиптик орто окуу жайы тарабынан аныкталат.

**Тиркеме 1**

**080112 “Маркетинг (тармактар боюнча)”**
**адистиги боюнча**
**кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик**
**билим берүү программасынын**
**ТҮЗҮМҮ**

<table>
<tr><th colspan="2">Кесиптик орто билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программасынын</th><th>Негизги билим берүү программасынын көлөмү жана анын кредиттердеги окуу циклдери</th></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td>1 жыл 10 ай</td></tr>
<tr><td>Блок 1</td><td>1) жалпы гуманитардык цикл;<br>2) математикалык жана табигый илимдер циклы;<br>3) кесиптик цикл;</td><td>99</td></tr>
<tr><td></td><td>Дене тарбия (теориялык окутуунун аралыгында жумасына 2 сааттан)</td><td>3-5 семестр</td></tr>
<tr><td>Блок 2</td><td>Практика</td><td>15</td></tr>
<tr><td>Блок 3</td><td>Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестация</td><td>6</td></tr>
<tr><td colspan="2">Негизги билим берүү программасынын көлөмү</td><td>120</td></tr>
</table>

**Тиркеме 2**

**Кесиптик орто билим берүүнүн**

**болжолдуу окуу планы**

**080112 “Маркетинг” (тармактар боюнча) адистиги**

**Квалификация – Маркетолог**

**Окутуунун формасы – күндүзгү**

**Окутуунун ченемдик мөөнөтү – жалпы орто билим берүү базасында 1 жыл 10 ай**

| К № | Окуу циклдеринин, бөлүктөрүнүн жана сабактардын аталышы | Эмгек сыйымдуулугу | | Семестрлер боюнча болжолдуу бөлүштүрүү (*) | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кредит-тер | Саат-тар | 3-семестр | 4-семестр | 5-семестр | 6-семестр |
| | | | | Жумалардын саны | | | |
| | | | | 15-18 | 15-18 | 12-18 | 9-18 |
| 1 | **Жалпы гуманитардык цикл** | **18** | **540** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **15** | **450** | | | | |
| | Кыргыз тили жана адабияты | 3 | 90 | x | x | | |
| | Орус тили | 2 | 60 | x | | | |
| | Чет тили | 2 | 60 | x | x | | |
| | Кыргызстандын тарыхы | 4 | 120 | x | x | | |
| | Манас таануу | 2 | 60 | x | | | |
| | Кыргызстандын географиясы | 2 | 60 | | | | |
| | **Тандалма (элективдүү бөлүк)** | **3** | **90** | | | | |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫ** | **18** | **540** | | | | |
| 2 | **Математикалык жана табигый-илимий цикл** | **6** | **180** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **4** | **120** | | | | |
| | Кесиптик математика | 2 | 60 | x | | | |
| | Информатика | 2 | 60 | x | | | |
| | **Тандалма (элективдүү бөлүк)** | **2** | **60** | | | | |
| | **ЖЫЙЫНТЫГЫ** | **6** | **180** | | | | |
| 3 | **Кесиптик цикл** | **75** | **2250** | | | | |
| | **Базалык бөлүк** | **60** | **1800** | | | | |
| | Экономикалык теория | 6 | 180 | x | x | | |
| | Уюмдардын экономикасы | 4 | 120 | x | x | | |
| | Статистика | 3 | 90 | x | | | |
| | Финансы, акча жүгүртүү жана насыя | 4 | 120 | x | x | | |
| | Бухгалтердик эсептин негиздери | 4 | 120 | x | | | |
| | Башкарууну документалдык камсыздоо | 2 | 60 | | | x | x |
| | Кесиптик ишмердиктеги маалымат технологиялары | 4 | 120 | | | x | x |
| | Товардык саясат | 6 | 180 | | | x | x |
| | Эл аралык маркетинг | 3 | 90 | | | x | x |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Логистика | 3 | 90 | | | x | x |
| | Байланыш саясаты | 3 | 90 | | | x | x |
| | Ишкердикти пландаштыруу | 3 | 90 | | | x | x |
| | Рынокту маркетингдик изилдөө | 7 | 210 | | | x | x |
| | Менеджмент | 4 | 120 | | | x | x |
| | Баа саясаты | 4 | 120 | | | x | x |
| | **Тандалма (элективдүү бөлүк)** | **15** | **450** | | | | |
| | | | | | | | |
| | **Теориялык окуунун жыйынтыгы** | **99** | **2970** | | | | |
| 4 | **Дене тарбия (теориялык окутуунун аралыгында жумасына 2 сааттан) **** | | | | | | |
| 5 | **Практика (окуу, өндүрүштүк)***** | **15** | **450** | | | | |
| 6 | **Мамлекеттик жалпы аттестация****<br>төмөнкү сабактар боюнча:**<br>Товардык саясат<br>Эл аралык маркетинг<br>Логистика<br>Байланыш саясаты<br>Рынокту маркетингдик изилдөө<br>Менеджмент<br>Баа саясаты | **6** | **180** | | | | |
| | **Негизги билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу** | **120** | **3600** | **30** | **30** | **30** | **30** |
| | **Семестрдеги экзамендердин саны көп эмес** | | | **8-10** | **8-10** | **8-10** | **8-10** |

* жуманын саны 9 ден 18 чейин өзгөрүүсү мүмкүн

**жалпы эмгек көлөмүнө дене тарбия кирбейт

***ОКОЖдун атайын адистиги боюнча практиканын саны жана түрлөрү

****ОКОЖдун каалоосу боюнча жалпы мамлекеттик аттестация